| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**<br>**ТОН РАЙОНУ**<br>**АК-ТЕРЕК**<br>**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ТОНСКИЙ РАЙОН**<br>**МЕСТНЫЙ КЕҢЕШ**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**<br>**АК-ТЕРЕК** |

# ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ТОКТОМУ

2026-жылдын 9-июлу, №230 — Кара-Коо айылы

**Ак-Терек айыл аймагындагы ичүүчү таза суу системаларын (ИСКАКБ) башкарууну жана тейлөөнү «Ак-Эмгек-Тазалык» муниципалдык ишканасына өткөрүп берүү жөнүндө**

«Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамын, муниципалдык менчикти башкаруу боюнча колдонуудагы ченемдик укуктук актыларды жетекчиликке алып, Ак-Терек айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы У.Э.Эмилбековдун сунушун угуп, Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин депутаттарынын сунуштары угулуп, талкууланып Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1. Ак-Терек айыл аймагындагы ичүүчү таза суу системаларын (ИСКАКБ) башкаруу жана тейлөө укугу «Ак-Эмгек-Тазалык» муниципалдык ишканасына өткөрүлүп берилсин.

2. Ак-Терек айыл өкмөтүнө мыйзамдарга ылайык кабыл алуу-өткөрүп берүү актыларын, келишимдерди жана башка тиешелүү документтерди тариздөө жагы Ак-Терек айыл өкмөтүнүн башчысы У.Э. Эмилбековго милдеттендирилсин.

3. Ак-Терек айыл аймагы боюнча ичүүчү таза суу объекттеринин үзгүлтүксүз иштөөсүн, техникалык тейлөөсүн жана калкка сапаттуу кызмат көрсөтүүнү «Ак-Эмгек-Тазалык» муниципалдык ишканасы камсыз кылсын, муниципалдык ишканасынын жетекчиси У.Мааткеримовго аткаруу иштери жүктөлсүн.

4. Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин токтомдору каттоого алынсын жана токтомдун көчүрмөсү ченемдик укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын юстиция Министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.

5. Бул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

6. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин муниципалдык менчик, жер, архитектура, курулуш, айыл чарба боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы А.Дастановго тапшырылсын.

**Төрага** — **А.А. Мамбетов**